Кара-Көл ш. "10" январь 2020 ж.

Кара-Көл шаарынын балдар өспүрүмдөр спорт мектебинин директору Дуйшебаева З.Э. мындан ары "Ижарага берүүчү" деп аталуучу, Жобонун негизинде аракеттенүүчү жана экинчи тараптан, мындан ары "Ижарага алуучу" деп аталуучу И.Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Көл шаарындагы филиалы жана Техникалык колледжинин директору Ниязов Нуридин Тажибаевич ортосунда төмөнкүлөр жөнүндө ушул келишимди түзүштү:

## 1. Жалпы шарттар

1. Ижарага берүүчү Ленин көчөсү, "Энергетик" спорт залын муниципалдык имаратты (жайды) И.Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Көл шаарындагы филиалы жана Техникалык колледжинде окуган студенттерге дене тарбия сабыгын санжабы боюнча өтүү максатында пайдалануу үчүн ижарага берет, ал эми ижарачы ижарага алат.

2. Ижара мөөнөтү 2019-ж. "10" январынан тартып 2020-ж. "30" декабрга чейин белгиленет.

3. Ижара мөөнөтү бүткөндөн тартып келишим бузулган болуп эсептелет. Келишимдин жарактуулук мөөнөтүнүн бүтүшү тараптардын келишим боюнча милдеттенмелеринин токтотулушуна алып келет.

## 2. Тараптардын укуктары жана милдеттери

4. Ижарага берүүчү төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- Ижарага алуучудан ар бир ай сайын ижара акысын алууга;
- Келишимдик милдеттенмелердин аткарылуусуна мониторинг жүргүзүүнү жана текшерүүнү ишке ашырууга;
- Ижара алуучунун чарбалык ишинин натыйжасында муниципалдык имараттын (жайдын) абалынын жана экологиялык жагдайынын начарлашынан улам болгон чыгымдардын ордун толтурууну Ижара алуучудан талап кылууга.

5. Ижарага алуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

- ижарага алынган муниципалдык имаратта (жайда) ишти ушул Келишимдин 1-пунктунда көрсөтүлгөн максаттарга жана шарттарга ылайык гана жүргүзүүгө;
- өткөрүп берүү-кабыл алуу актысына кол коюлгандан кийин ижарага алынган муниципалдык имаратты (жайды) пайдаланууга киришүүгө.

6. Ижарага берүүчү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- муниципалдык имаратты (жайды) Ижарага алуучуга ушул Келишимдин шарттарына ылайык абалда берүүгө;
- ушул Келишим макулдашылгандан кийин сабак өткөрүү убактысында муниципалдык имаратты (жайды) Ижара алуучуга өткөрүү-кабыл алуу актысы боюнча өткөрүп берүүгө;